7.2. МККБ Башкармалыгы тийиштүү кароодон өткөргөндөн кийин МККБ мүчөлүк курамына кабыл алуу жана чыгуу боюнча чечимди кабыл алууга укуктуу, бул чечимди жалпы чогулуш жокко чыгарууга укуктуу.

7.3. МККБ мүчөсү анын курамынан чыгууну кааласа МККБ Башкармалыкка бул тууралуу арыз берет.

7.4. МККБ мүчөсү ушул Уставга ылайык, же МККБ Жалпы чогулуштун чечими менен МККБ жоболорун жана ушул Уставдын талаптарын аткарбаган учурда курамдан чыгарылышы мүмкүн.

7.5. МККБ мүчөсү МККБ мүчөлүктөн арыз берген күндөн тартып чыккан болуп эсептелет, ал ошол учурда МККБга тиешелүү бардык милдеттерин аткарган болушу керек.

7.6. МККБ курамынан мыйзамдарда тыюу салган себептер боюнча кабыл алуу жана курамдан чыгаруу боюнча дискриминацияга жол берилбейт.

## XIII. УСТАВГА ӨЗГӨРҮҮ ЖАНА ТОЛУКТОО КИРГИЗҮҮ

8.1. Уставга өзгөрүү жана толуктоо Жалпы чогулуштун чечими менен киргизилет жана мурда катталган тартипте каттоодон өткөрүлөт.

## IX. ИШ- АРАКЕТТИ ТОКТОТУУ (ЖОЮУ)

9.1. МККБ иш-аракети соттун же жалпы чогулуштун чечими боюнча жоюлуу же кайра өзгөртүү түрүндө токтотулушу мүмкүн.

9.2. МККБны жоюу Кыргыз Республикасынын азыркы мыйзамдарында аныкталган тартипте жүргүзүлөт.

9.3. МККБ Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин органдын жоюуу буйругу чыккан күндөн тартып жоюлган болуп эсептелет.

9.4. МККБ жоюлгандан кийин анын мүлкү К. Эшимбеков атындагы жалпы орто билим берүү мектебине өткөрүп берилет.

9.5. МККБ өзгөртүп куру Жалпы чогулуштун чечими боюнча жүргүзүлөт. МККБ, бириктирүү формадагы өзгөртүп куруу учурун кошпогондо, жаңы пайда болгон юридакалык жакты каттагандан учурдан тартып өзгөрүп курулган болуп эсептелет. МККБны бириктирип өзгөртүп курганда бириккен юридикалык жакты иш- аракерин токтотуу жөнүндө юридикалык жактардын мамлекеттик бирдиктүү реестерине жазууну киргизген учурдан тартып юридикалык жак өзгөрүп түзүлгөн болуп саналат.

9.6. МККБ иш- аракетинин процессинде пайда болгон документтер өзгөрүп түзүлгөн учурда.жоюлганда «Кыргыз Республикасынын улуттук архивдик фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык сакталат жана колдонулат.

**К. Эшимбеков атындагы жалпы орто билим**
**берүү мектебинин камкорчуларынын**
**"Ырыскы" коомдук бирикмеси төрагасы** Дюшекеев Ж. А.